# Kyrgyz - Protection Scriptures

Жеремия 1:18 Мына, азыр Мен сени бүт өлкөгө каршы, Жүйүт падышаларына каршы, анын төрөлөрүнө каршы, анын ыйык кызмат кылуучуларына каршы, ушул жердин элине каршы чептүү шаар, темир мамы жана жез дубал кылып койдум.

Жезекиел 3:18 Мен мыйзамсыз адамга: “Сен өлөсүң”, – деп айтканда, сен аны эскертпесең, мыйзамсыз адам тирүү калыш үчүн, аны мыйзамсыз жолунан сакташ үчүн, аны менен сүйлөшпөсөң, анда ал мыйзамсыз адам өзүнүн мыйзамсыздыгы үчүн өлөт, бирок анын канынын кунун Мен сага төлөтөм.

Жеремия 6:27 «Сен Менин элимди билишиң үчүн жана анын жолуна көз салып турушуң үчүн, Мен сени Өзүмдүн элимдин ичине мунара жана чеп кылып койдум.

Лебилер 26:19 Кекирейген текебердигиңерди сындырып, асманыңарды темирдей, жериңерди жездей кылам.

Deuteronomy 23:5 Бирок Кудай-Теңириң Биламды уккусу келген жок. Кудай-Теңириң анын каргышын батага айлантты, анткени Кудай-Теңириң сени сүйөт.

Рим 12:21 Жамандыкка жеңилбе, тескерисинче, жамандыкты жакшылык менен жең.

Забур 142:8 Сенин ырайымыңды эртерээк угайын, анткени мен Сага таянам. Мага жүрө турган жолумду көрсөт, анткени жанымды Сенин алдыңа алып келем.

Забур 142:10 Мага Өзүңдүн эркиңди аткарууну үйрөт, анткени Сен менин Кудайымсың. Сенин жакшы Рухуң мени чындык өкүм сүргөн жерге алып барсын.

Забур 93:12 Сен эсине келтирген адам бактылуу, Теңирим. Кудайсыз адамдын көрү казылганга чейин, башына кыйынчылык түшкөн күндөрү Сен ага тынчтык бериш үчүн, Өз мыйзамыңды үйрөткөн адам бактылуу, Теңирим.

Акылмандык 27:12 Акылдуу адам кырсыкты көрүп жашынат, ал эми тажрыйбасыздар түз барып кырсыкка учурашат.

Филипия 2:16 Бекерге чуркап, эмгегим текке кетпей, Машайактын күнүндө силер менен сыймыктангыдай болушум үчүн, өмүр сөзүн бекем туткула.

Исаия 49:4 Мен болсо: «Мен курулай эмгектендим, күчүмдү бекер, курулай кетирдим. Бирок Менин укугум Теңиримде, Менин сыйлыгым Кудайымда», – деп айттым.

Забур 75:4 Ал жерде Кудай жаанын жебелерин, калканды, кылычты, согуш куралдарын талкалады.

Hebrews 13:21 Өзүнүн эрки аткарылышы үчүн, Ыйса Машайак аркылуу

силерде Өзүнө жага турганды жаратып, силерди ар кандай жакшы ишке жөндөмдүү кылсын. Ал кылымдан кылымга даңктала берсин! Оомийин.

1 Коринф 16:15 Ахая жеринде Теңирге биринчилерден болуп ишенген, өздөрүн ыйыктарга кызмат кылууга арнаган Степандын үй-бүлөсүн билесиңер.

Филипия 1:27 Бирок Машайактын Жакшы Кабарына татыктуу жашагыла. Барып, силерди көрсөм да, силерден алыс жүрсөм да, силер тууралуу «Жакшы Кабар таратылышы үчүн бир ой, бир тилек менен бардык күч-аракетин жумшап жатышат» деген сөздү уккандай болоюн.

1 Коринф 15:58 Ошондуктан, сүйүктүү бир туугандарым, бекем болгула, туруктуу болгула. Теңирдин ишин ар дайым жан-дилиңер менен кылгыла, анткени Теңир үчүн кылган эмгегиңер текке кетпестигин билесиңер.

Колоса 4:12 Ыйса Машайактын кулу, силердин араңардан келген Эпафрас, силерге салам айтып жатат. Силер жеткилең болушуңар үчүн, Кудайдын эркин таанып билишиңер үчүн, ал дайыма сыйынат.

2 Падыша 19:34 Мен бул шаарды Өзүм үчүн, Өзүмдүн кулум Дөөт үчүн куткарам жана коргойм».

Жеремия 15:20,21 Ошондо сени бул эл үчүн бекем жез дубал кылам. Алар сага каршы күрөшүшөт, бирок сени жеңе алышпайт, анткени сени сакташ үчүн, куткарыш үчүн, Мен сени мененмин, – дейт Теңир. 21 Сени каардуулардын колунан сактайм, сени эзүүчүлөрдүн колунан куткарам».

Забур 54:19 Ким менин жанымды мага каршы чыккандардан тынчтык менен куткарат, анткени мага каршылар көп.

Жезекиел 30:24 Ал эми Бабыл падышасынын каруу-булчуңдарын күчтүү кылам, анын колуна Өзүмдүн кылычымды берем, фараондун каруу-булчуңдарын болсо кыйратам, оор жарадар болгон адам кандай онтосо, ал анын алдында ошондой онтойт.

Аян 3:18 Мен сага мындай кеңеш берем: байышың үчүн, сен Менден отко тазаланган алтын сатып алгын; жылаңач этиң көрүнбөш үчүн, Менден ак кийим сатып алып кий; көзүң көрүш үчүн, Менден көздүн майын сатып алып, көзүңө сыйпа.

1 Жакан 3:17 Колунда бар болгонуна карабастан, бир тууганынын муктаждыгын көрүп туруп жардам бербеген адамда кантип Кудайдын сүйүүсү болсун?

Исаия 50:4 «Чарчаганга сөз менен кубат берип турушум үчүн, Кудай-Теңир мага акылмандардын тилин берди. Ал ар күнү эртең менен ойготот, Мен шакиртке окшоп угушум үчүн, кулагымды ойготот.

Забур 17:40 Анткени Сен мага согушканга күч бердиң, мага каршы көтөрүлгөндөрдү бут алдыма жыгып бердиң.

2 Шемуел 22:40 Сен мага согушканга күч бердиң, мага каршы көтөрүлгөндөрдү бут алдыма жыгып бердиң.

Забур 88:44 Сен анын кылычынын мизин тескери караттың, ага майданда күч берген жоксуң.

Жезекиел 13:6 Алар жалган көрүнүш көрүштү, "Теңир айтты" деп, жалган пайгамбарчылык кылышты. Бирок аларды Теңир жиберген эмес. Алар сөз ордунан чыгат деп үмүттөндүрүп жатышат.

Лебилер 26:37 Эч ким куубаса да, кылычтан жыгылгансып, бири-бирине чалынып жыгылышат, душманыңарга каршы турганга алыңар келбей калат.

1 Коринф 14:8 Сурнай белгисиз эле бир үн чыгарып жатса, согушка ким даярданмак эле?

Job 15:24 Жокчулук менен кысымчылык анын жүрөгүнүн үшүн алып, аны согушка камданган падышадай басып алат.

1 Chronicles 12:8 Калкан, найза менен куралданган, эр жүрөк жоокер, гаттык аскерлер чөлгө, Дөөт жашынган бекемделген жерге өтүп келишти. Алар жүздөрүндө арстандын сүрү бар, тоодогу жейрендей тез чуркаган адамдар эле.

1 Chronicles 12:33 Забулун уруусунан согушка даяр турган, ар түрдүү согуш куралдары менен куралданган, катарда бир кишидей турган элүү миң жоокер;

1 Chronicles 12:38 Бул жоокерлердин бардыгы катарга тизилип, Дөөттү бүткүл Ысрайылга падыша кылып көтөрмөкчү болуп, чын жүрөктөн Хебронго келишти. Бүт Ысрайыл эли да Дөөттү такка отургузганга макул эле.

Лука 10:19 Мен силерге жыландарды, чаяндарды жана душмандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай бийлик бергем. Эми эч нерсе силерге зыян келтире албайт.

2 Коринф 7:10 Себеби Кудайга жаккан кайгы тобо кылып куткарылууга алып келет, ал эми бул дүйнөнүкүндөй кайгы өлүмгө дуушар кылат.

2 Тимотей 2:25,26 Каршы чыккандарга момундук менен насаат айтышы керек. Чындыкты таанып билиши үчүн, Кудай аларды тобо кылдырар, 26 алар өзүнүн эркине баш ийдирүү үчүн туткундап алган шайтандын торунан бошонушар.

Некемия 4:15 Душмандарыбыз өздөрүнүн арам ойлору бизге белгилүү болуп калганын угушту, Кудай алардын арам ниетин талкалады. Ошондо биз дубалга кайра келип, ар кимибиз өз жумушубузга кириштик.

Забур 72:24 Сен мени Өз кеңешиң менен жетектеп турасың, анан мени даңкың менен кабыл аласың.

Pastor T. John Franklin
Church of Salvation, Healing, and Deliverance
COS-HAD.org